**«БЕКИТЕМИН»**
**Билим берүү кызматкерлеринин**
**Бишкек шаардык кесиптик бирлик комитетинин**
**төрагасы**
**Бараханов Таалайбек Омурзакович**

БИШКЕКСКИЙ ГОРОДСКОЙ КОМИТЕТ ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО СОЮЗА РАБОТНИКОВ ОБРАЗОВАНИЯ

________________

**«20» «10» »2023 жыл**

**Карынов Чолпонбай Карыпбаевичтин 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасындагы эмгек чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк: тарыхый-укуктук изилдөө» темадагы диссертациясы боюнча алынган илимий-изилдөөчүлүк иштеринин жыйынтыктарын жайылтуу тууралуу**

**АКТЫСЫ**

**Комиссиянын курамы:** төрага – Т. О. Бараханов Т.; комиссия мүчөлөрү – Р. М. Карабашева, Т. К. Арунов, Ж. Б. Султанбаева ички ченемдик документтерди иштеп чыгууда **Карынов Чолпонбай Карыпбаевичтин** докторлук диссертациясынан алынган илимий жыйынтыктар пайдаланылгандыгын күбөлөндүрөт.

**1. Жайылтуучу автор:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы алдындагы А. А. Алтымышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун изденүүчүсү **Карынов Чолпонбай Карыпбаевич**.
**2. Илимий-изилдөөчүлүк иштин аталышы:** 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасындагы эмгек чөйрөсүндөгү социалдык өнөктөштүк: тарыхый-укуктук изилдөө» аттуу диссертациясы.
**3. Кыскача аннотациясы:** диссертациялык изилдөөнүн максаты – социалдык өнөктөштүк институтунун эволюциясынын тарыхый-укуктук анализи менен байланышкан маселелерди комплекстүү теориялык аңдоо, ошондой эле Кыргызстан үчүн жаңы социалдык-экономикалык жана саясий шарттарда эмгек мыйзамдарынын ченемдерин ишке ашырууну эффективдүү камсыздоо менен байланышкан актуалдуу илимий маселелерди чечүү, коомдук мамилелердин системасы катары эмгек жаатындагы социалдык өнөктөштүктү

укуктук жөнгө салуунун концептуалдык негиздерин жана келечегин иштеп чыгуу.

**4. Жайылтуудагы эффект:** диссертацияда көрсөтүлгөн тарыхый-укуктук анализ Кыргыз Республикасындагы социалдык-өнөктөштүк мамилелердин өзгөчөлүктөрүн ачып берүүчү алгачкы илимий-монографиялык иш болуп эсептелерин көрсөттү. Автордун диссертациялык иши ата мекендик юридика илиминде Кыргыз Республикасындагы социалдык-өнөктөштүк мамилелерди укуктук жөнгө салууга, аталган мамилелер жаатында укуктук жөнгө салууга байланыштуу келип чыккан тарыхый-теориялык жана практикалык маселелерди изилдөөгө атайын арналган алгачкы комплекстүү изилдөө болуп саналат. Иште жалпы укук теориясында социалдык өнөктөштүктүн ордун жана ролун түшүнүүгө карата жаңыча мамиле түзүлгөн.

Аталган диссертациялык иште: укук системасында социалдык өнөктөштүк институтун калыптандыруу жана өнүктүрүүнүн тарыхый-укуктук анализине; методологияга, укуктук мамилелерге, тараптарга жана социалдык өнөктөштүк системасына; эмгек жаатында социалдык өнөктөштүк системасына көңүл бурулган. Аталган изилдөө менен Кыргыз Республикасынын учурда колдонулуучу эмгек мыйзамдарына олуттуу салым кошулду.

Бишкек шаардык билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитети кызматкерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо өзүнүн негизги түйүндүү ролун аткарууда Ч. К. Карыновдун диссертациялык изилдөөлөрүнүн негизги корутундуларын жана жыйынтыктарын пайдаланды:

- жумуш берүүчүлөр, мамлекеттик органдар жана жумушчулардын укуктары корголуучу башка уюмдарда, өзгөчө, эмгек шарттары, айлык маяна, коопсуздук жана социалдык кепилдик маселелеринде өз мүчөлөрүнүн өкүлчүлүгүндө;
- кызматкерлердин кызыкчылыктары корголуучу учурда колдонулуучу эмгек мыйзамдарын түзүү жана өзгөртүүлөрдү киргизүү процессинде активдүү катышууда;
- эмгек шарттарын, айлык маянаны жана эмгек мамилелеринин башка аспектилерин жөнгө салуучу жамааттык келишимдерди түзүү үчүн жамааттык сүйлөшүүлөрдү уюштурууда жана жүргүзүүдө;
- эмгек мыйзамдары жана жумушчулардын укуктары маселелеринде маалымдуулугун жогорулатуу максатында өз мүчөлөрү үчүн билим берүү программаларын өткөрүүдө:
- эмгек жана социалдык-экономикалык маселелер боюнча окуу курстарын, семинарларды, кереге отурумдарды өткөрүүдө;
- социалдык-эмгектик мамилелер жаатында методикалык колдонмолорду иштеп чыгууда. ж.б.

**5. Жайылтуу жайы жана убактысы:** илимий-изилдөөчүлүк иштин жыйынтыктары Бишкек шаардык билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитетинин ишмердүүлүгүнө, атап айтканда, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарын жакшыртуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын алдындагы А. А.

Алтымышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун билим берүү программаларында жайылтылды.

**6. Жайылтуу формасы:** жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча сунуштар берилип, алар Бишкек шаардык билим берүү кызматкерлеринин кесиптик бирлик комитети тарабынан Кыргыз Республикасынын жаңы Эмгек кодексинин долбооруна киргизилди.

Диссертациянын материалдары эмгек мыйзамдары жана жумушчулардын уктары маселелеринде маалымдуулугун жогорулатууда өз мүчөлөрү үчүн билим берүү программаларын жүргүзүүдө пайдаланылды.

**Диссертациялык изилдөөлөрдүн иштеп чыгуулары жайылтылган уюмдун өкүлдөрү:**

**Комиссиянын төрагасы:** Бараханов Т.О

**Комиссия мүчөлөрү:**

Социалдык маселелер жана саламаттыкты сактоо боюнча бөлүм башчысы Карабашева Р. М.

Укуктук инспектор Арунов Т. К

Уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Султанбаева Ж. Б.